**2017- 2018 – окуу жылына китепкана боюнча анализ.**

Китепканадагы китеп фонду – 8636, анын ичинен окуу китептери- 5129, адабий китептер – 1100,методикалык китептер – 980, калганы балдар үчүн көркөм адабият жана жомок, аңгеме китептери. Жалпы окуучуларды окуу китептери менен камсыздоо – 84,7%. Мектепте 15,3 % китеп жетишсиз. 1 класстын жана даярдоо класстын окуу китептери ата-энелердин жардамы менен камсыздандырылган. Жыл аягында китепканадагы китеп фонду – 6930, анын ичинде окуу китептери – 4620, адабий жана методикалык китептер – 2310 түздү.

Сентябрь айында башталгыч класстарда " Китепти кантип сакташ керек" деген темада аңгемелешүү өткөрүлуп, анда китеп секторлору менен " Китеп оорукчан болбосун " деген темада китепти чаптоо, тигүү, жамоо иш чаралары жүргүзүлдү.

ЮСАИД Бирге окуйбуз долбоорунун алкагында башталгыч классынын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында чыгарылган адабий китептер, ( балдар үчүн) келип фондго киргизилди. Тил майрамына ,А. Осмонов, Ч.Айтматовго карата стенгазеталар чыгарылып илинди, окуучулардын иши алынды.

" Менин сүйгөн акыным жана жазуучум" деген темада5- 8 класстар арасында конкурс болуп өттү. Конкурста ар бир класс өздөрүнүн актив-

дүүлүгүн көрсөтүшүп, алардын ичинен эң жакшы катышкандыгы үчүн 5-6-8- класстар бааланып грамоталар менен сыйланышты.

**Акыркы 3 жылдагы мектепке алынган китептердин мониторинги**




Окуу жылдын аягында мектептин китеп фондусу – 7309. Окуу китептери 4486, адабий жана методикалык китептер 2323.

II жарым жылдыкта планга коюлган иш чаралар аткарылды. Январь айында 9 – 11- класстар арасында “ Суу-өмүрдүн булагы” деген темада диспут өтүлүп,ар кандай кызыктуу тапшырмалар берилип, эң активдүү катышкан окуучуларга грамоталар менен сыйланды.

Февраль айында “ Китеп фестивалы ” өткөрүлүп башталгыч класстарда “ Китеп – билим булагы ” деген темада конкурска ар бир класс өз колдору менен түрдүү темада жасашты, көргөзмө уюштурушту. 21- февралда “Эне тилинин эл аралык күнүнө” карата салтанатуу линейка өткөрүлдү.

Март айында “ Купуя окуунун дүйнөлүк күнүнө ” карата 1-4 класстаргада көркөм окуу конкурсутары өтүлдү. Убагы менен китеп секторлору менен бирдикте китепти сактоо боюнча рейд өткөрүлүп аткарат.

23- апрель “ Китеп күнүнө ”карата салтанатуу линейка өткорүлдү.

Китепкананын декадасын өткөрүү май айына пландаштырылды.

Мектеп директору: Осмонкулова Б. Т.